**УДК 377 + 614 (575.2) (045)**

**Молдоканова Р.К.,**
«Кыргызстан Эл Аралык Университети»
**Молдоканова Р.К.,**
«Международный Университет
Кыргызской Республики»
**Moldokanova R.K.**
"International University of Kyrgyzstan"
Моб.тел:0700219120, e-mail:roza.moldokanova@mail.ru

**Орозалиева А.А.**
м.и.к., доцент, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз
мамлекеттик медициналык академиясы
**Орозалиева А.А.**
к.м.н., доцент, Кыргызская государственная медицинская
академия им. И.К.Ахунбаева
**Orozalieva A.A.**
Candidate of medical sciences,docent
Kyrgyz State Medical Academy
named after I.K.Akhunbaev
моб.тел: 0700330504, e-mail:anipa.orozalieva@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МЕДАЙЫМДАРДЫН БИЛИМ АЛУУСУНУН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ МЕДИЦИНСКИХ СЕСТЕР В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# CURRENT PROBLEMS OF TRAINING NURSES IN THE KYRGYZ REPUBLIC

---

***Аннотациясы:*** *Бул эмгекте медайымдардын кесиптик билим алуусу чет элдик тажрыйбалар менен сунушталган. Кыргыз Республикасында медайымдардын билим алуусунун актуалдуу маселелери каралган. Азыркы тапта бул кесиптин сапатын жогорулатуу жана кадыр баркын көтөрүү саламаттык сактоо мекемелеринин алдыңкы максаты болуп эсептелет.*

***Негизги сөздөр:*** *медайым, саламаттыкты сактоо, кесиптик билим алуу,үзгүлтүксүз билим алуу, ден соолук, орто медициналык кызматкер, санариптештирүү.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается вопросы профессионального обучения медсестер на основе зарубежного опыта. Рассмотрены актуальные вопросы сестринского образования в Кыргызской Республике. В настоящее время основной задачей учреждений здравоохранения является повышение качества и престижа этой профессии.*

***Ключевые слова:*** *медсестра, здоровье, профессиональное образование, непрерывное образование, здоровье, средний медицинский работник, цифровизация.*

***Abstract:*** *This article discusses the issues of professional training of nurses based on foreign experience. Topical issues of nursing education in the Kyrgyz Republic are considered. Currently, the main task of healthcare institutions is to improve the quality and prestige of this profession.*

***Key words:*** *nurse, health, professional education, continuing education, health, paramedical, digitalization.*

---

**Кириш сөз.** Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун жарлыгы менен 2020-жыл медайымдардын жана акушерлердин Эл аралык жылы болуп жарыяланган. медициналык кызматкерлердин, анын ичинде медайымдардын ишмердүүлүгү медициналык жардамдын сапатына жана анын акыркы натыйжаларына таасир этүүчү негизги факторлордун бири. Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер жана медайымдар бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо тутумдары үчүн медициналык кызмат көрсөтүүнүн негизги элементи болуп саналат жана анын натыйжалуулугу көбүнчө саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин кесиптик деңгээлине, окутуунун сапатына байланыштуу. Медайымдар саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин эң көлөмдүү бөлүгү болуп эсептелээрин статистикалык маалыматтардан билсек болот [5,7].

Жакында эле, дүйнө жүзү боюнча медайымдардын ролу жана алардын жардамына муктаж болгон бейтаптарга кам көрүү үчүн дарыгерлер жана адистер ойногон ролду кантип толуктай тургандыгы же айрым учурларда алмаштыра тургандыгы жөнүндө өзгөрүүлөр болду.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун "Дүйнөлүк медайымдардын абалы- 2020" отчету болуп көрбөгөндөй саясий доордо жарыяланды [7]. Анткени бул отчетто билим берүүгө инвестициядан баштап жумуш орундары жана тарбиялоочу лидерлер жана ошондой эле дүйнө жүзү боюнча жалпы ден-соолукту камтуу милдети чагылдырылып, 2030-жылга чейинки медайымдарды өнүктүрүү боюнча иш-аракеттер программасы бекитилди.

Буга катар, дүйнө жүзүн пандемияга алып келген жаны COVID-19 инфекциясы адамзаттын анын ичинен медициналык кызматкерлердин өзгөчө кырдаалдарга даярдануу жана жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгү жөнүндө да айтылган. Бүгүнкү шарттарда медайымдардын ролу жана алардын аткарган кызматына мурдагыдан да көбүрөөк муктаждыгыбыз дагы бир жолу белгилүү болду [4].

Ошол эле учурда, дүйнө жүзүндө калкты медайымдар менен камсыз кылуу маселесинде эбегейсиз теңсиздик байкалууда.

Медайым дарыгер менен иштешип, аны медициналык квалификацияга мүнөздүү эмес, эң жөнөкөй, күнүмдүк иш-кагазга байланыштуу жумуштардан бошотууга жана ошону менен бирге жогорку тажрыйбалуу адистерди пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга чакырылган. Медициналык жардамдын сапаты жана ар кандай дарылоо-профилактикалык мекемелердин ишинин натыйжалуулугу көбүнчө алардын тажрыйбасына, жогорку деонтологиялык талаптарга шайкештигине байланыштуу.

Кыргыз Республикасындагы медициналык багыттарды өнүктүрүүнүн жана калкты санариптештирүүнүн заманбап шарттарында каалаган адистиктин жакынкы жардамчысынын ишинин маанилүүлүгүн баалоо кыйын. Сапаттуу, кесипкөй, жеткиликтүү медициналык жардам алуу көбүнчө медайымдардын тынымсыз даярдыгынан көз каранды [2].

Медайым, Ата мекендик саламаттыкты сактоонун өнүгүүсүнүн азыркы этабында, мамлекет жана коом тарабынан бир катар белгилүү бир милдеттерди кесипкөй деңгээлде өз алдынча аткарууга жөндөмдүү уникалдуу адам катары каралат. Айрыкча, баштапкы деңгээлдеги дарыгерлердин жетишсиздигинен келип чыккан Кыргызстандагы кадрдык кризисти эске алганда, айрым бейтаптарды башкаруудагы медайымдардын ролун жогорулатуу учурдун талабы. Учурда Кыргыз Республикасында медайымдар жетишсиз даярдалгандыктан улам чектелген гана сандагы тапшырмаларды аткарышат [5,8]. Ушуга байланыштуу, медайымдардын иш-аракеттерине жогорулатылган талаптар коюлат, буларды эске алуу менен алардын ишинин сапатын жогорулатуу жана оптимизациялоо боюнча жаңы ыкмаларды издөө жүргүзүлөт [3,8].

Функционалдык милдеттеринин кеңейишинин жана татаалдашуусунун фонунда орто деңгээлдеги медициналык адистердин кесиптик деңгээлине коюлган жогорку талаптар медайымдын үзгүлтүксүз окутууга муктаждыгын аныктайт.

**Изилдөөнүн максаты:**

Кыргыз Республикасында медайымдарды даярдоодогу актуалдуу көйгөйлөрдү жана келечегин аныктоо, Эл аралык тажрыйбаларга таянып заманбап стандарттардын деңгээлинде өз

адистиги боюнча натыйжалуу иш алып баруусу.

Улуттук статистикалык комитеттин акыркы маалыматтарына ылайык Кыргыз Республикасында орто медициналык билими бар кызматкерлердин саны -34964 түзсө, анын ичинен медайымдардын саны-25883 түзөт. Калктын санынын өсүшүнө байланыштуу өзгөчө айыл жергесинде, тоолуу райондордо медайымдардын тартыштыгы сакталууда. Орто медициналык кызматкерлерди даярдоо өлкөнүн 27 билим берүү мекемелеринде окутулат.Алардын ичинен 15и өкмөткө караштуу болсо, 12 си жеке менчик окуу жайлар. Медициналык билим берген окуу жайлардын басымдуу бөлүгү Бишкек шаарында -7, Ош облусунда-6, Жалал-Абад облусунда-5, Чүй облусунда-4, Ысык-Көл облусунда-2, Нарын облусунда-1, Талас облусунда-1. Мындай өкмөттүк мекемелерден сырткары жеке менчик окуу жайлардын саны көбөйүп баратат, бирок кандай деңгээлде медайымдарды даярдап жаткандыгы көпчүлүккө белгисиз.

Орто медициналык кадрларды даярдоо тутуму негизинен Кыргыз Республикасынын бюджетинин эсебинен каржыланат жана аймактардын саламаттыкты сактоо муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Орто медициналык кызматкерлерди даярдоочу жайлар билим берүү процессинде программаларынын,технологияларынын сапаты, илимий потенциалдын жогору болушу, материалдык-техникалык базасы, окуу-методикалык камсыздоосу менен айырмаланышы керек.

Азыркы тапта өкмөт тарабынан орто медициналык кызматкерлерди, анын ичинен медайымдарды колдоо багытында 2019-2023-жылдар аралыгында ишке ашыруучу “Кыргыз Республикасында медайымдык ишти жана билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” буйругу иштелип чыккан. Бул буйрукта болуп жаткан жана боло турган көптөгөн иш-чаралар камтылган.

Кыргызстандагы медайымдарды окутуу тутумундагы өзгөрүүлөр медайымдардын өнүгүшүн жана саламаттыкты сактоону реформалоону чагылдырат.

Эл аралык тажрыйбага таянсак, дүйнө жүзүндө медайымдар бүгүнкү күндө негизги техникалык жана кесиптик билимди гана эмес, бакалавриат, магистратура жана докторантураны да алышат. Россия Федерациясында жана Казакстан Республикасында медайымдык билим берүүнүн көп баскычтуу системасы түзүлдү, ал базалык, баштапкы даярдоону, квалификацияны жогорулатууну жана жогорку медайымдык билимди камтыйт [7].

Эгерде биз Финляндияда медайымдарды даярдоонун эл аралык тажрыйбасын карасак, анда бул медайымдардын билим берүү тутуму дүйнөдөгү эң мыкты системалардын бири катары бааланат. Финляндияда медайымдардын кесиби популярдуу жана абдан урматталат. Кесиптик иш бейтаптарга жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө кеңеш берүүгө, текшерүүгө, эмгек өргүүсүн жана рецепттерди жазууга багытталган. Медициналык кадрларды даярдоо жана кесиптик ишмердүүлүгү мыйзам жана медициналык адистер жөнүндө жобо менен катуу жөнгө салынат. Ошондой эле, бардык зарыл шарттарды түзүү менен практикалык көндүмдөргө үйрөтүүгө чоң көңүл бурулат. Бирдей медициналык жана медайымдык уюштуруу түзүмдөрүнө жана медайымдардын инновациялык технологияларына ээ медициналык уюмдардын иштешинин жаңы механизмдери киргизилди. Финляндияда Улуттук стандартташтырылган электрондук медайым жазуусу бар [1,3].

Австралияда медайымдардын маалымат тутуму бар, ал медайымдардын ишмердигине байкоо жүргүзүүгө жана баалоого, ошондой эле бардык маалыматтарды өлкөлөрдөгү башка медициналык жана статистикалык маалыматтар базаларына интеграциялоого мүмкүндүк берет [3].

Бул өлкөлөрдө санариптештирүүнүн деңгээли жогорулагандыгына байланыштуу, медайымдык документацияны киргизүү ишти бир топ жеңилдетет. Батыш өлкөлөрүнүн саламаттыкты сактоо тармагында, ошондой эле медайымдар тармагында окутуу жана иштөө тажрыйбасы чоң кызыгууну жаратат.

Айрым адамдар санариптештирүү процессинин пайдалуулугу же зыяны жөнүндө талашып-тартышып жатышса дагы, көптөгөн өлкөлөрдө заманбап технологияларды киргизүү тенденциясы кадимки көрүнүшкө айланып баратат.

Билим берүүнү санариптештирүү реформасы билим берүү мекемелерин сапаттуу программа- лык камсыздоо, мисалы, билим берүү ресурстарына, заманбап изилдөөлөрдүн жана тажрыйба- лардын натыйжаларына, дүйнөнүн ар кайсы тилдериндеги электрондук илимий китепканаларга жетүүгө мүмкүндүк берген маалыматтык тутумдар менен жабдуудан турат [2].

Санариптештирүүнүн өнүгүшү менен адистерди электрондук окутуу тутуму билим деңгээли- не ылайык билимдин жана көндүмдөрдүн чыныгы үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылат. Бул система кесиптин мазмунун жаңы маани менен толтурган республиканын көптөгөн ЖОЖдорунун жанаколледждеринин практикасында колдонулат.

Өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен, медайымдардын үзгүлтүксүз билимин, анын ичинде салттуу окутуу тутумун, инновациялык моделин дагы уюштуруп, ишке ашыруумезгилдин талабы.

**Жыйынтыктоо.**

1. Медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу квалификациялуу кадрларды даярдоо- ну, медициналык колледждердин практикалык саламаттыкты сактоо уюмдары менен социалдык өнөктөштүгүн талап кылат.

2. Медициналык персоналдын медициналык жардам көрсөтүүдө натыйжалуулугун жо- горулатуу жана алардын ролун күчөтүү үчүн төмөнкүлөр зарыл: медайымдар үчүн ченемдик укуктук база; адам ресурстарын натыйжалуу пайдалануу аркылуу медайымдарды башкаруу тутумун андан ары өркүндөтүү.

3. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу, медайымдарды өнүктүрүү практикасында жана аларды даярдоодо жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу, анткени саламаттыкты сактоо тармагына мы- кты теориялык жана практикалык даярдыгы бар квалификациялуу медайымдар талап кылынат, бул алардын өз милдеттерин ийгиликтүү жана так аткарууга кепилдик берет.

4. Кыргыз Республикасындагы региондук өнүгүү, санариптештирүү жана инновация жана медайымдарды үзгүлтүксүз окутуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технология- ларды колдонуу кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатууга, деонтологиялык чеберчиликти өркүндөтүүгө оң таасирин тийгизет.

5. Тез жардам системасын, телемедицинаны жана онлайн консультацияларды автомат- таштыруучу технологияларды өлкө боюнча жайылтуу талапка ылайыктуу. Санариптештирүү медициналык кадрларды даярдоонун жана сапаттуу, жеткиликтүү, квалификациялуу медици- налык жардам көрсөтүүнүн негизги куралдарынын бири болуп калат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**


1. Блохина М.В. Обучение медицинских сестер на рабочем месте: перспективы развития,преимущества, возможности управления/ М.В. Блохина// Главная медицинская сестра.
   -2005. – №7.- С.107-110.
2. Кудлаев М. С. Процесс цифровизации образования в России // Молодой ученый. – 2018. –
   №31. – С. 3-7.
3. Лифинцева А.А., Лигатюк Л.В. Непрерывное образование среднего медицинского персоналав условиях университета / Журнал высшее образование в России. -2011.- №5. – С.108-111.
4. Отчет ВОЗ «Состояние сестринского дела в мире 2020».
5. Проект «Реформы медицинского образования». -2016. – С.11.
6. Сборник «Актуальные проблемы сестринского дела: образование, наука и практика», Че-лябинск, 2016.

7. Те И.Е., Кайдаулов М.К., Алтынбекова У.А., Кошимбеков М.К. Современные особенностиподготовки и обучения медицинских сестер в Казахстане // Вестник КазНМУ.- 2016. – №1.
– С. 626-627.
8. Ыбыкеева Э.О. Современные аспекты организации и управления сестринской деятельностьюв Кыргызской Республике // Методическое руководство. – Бишкек, 2010.-104с.